# КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ МЕНЕН МАНАС АТЫНДАГЫ №10 ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИ ОРТОСУНДАГЫ ӨЗ АРА КЫЗМАТТАШТЫК ЖӨНҮНДӨ МЕМОРАНДУМ

**Кыргыз-Түрк «Манас» университети** жана **«Манас» атындагы №10 жалпы орто билим берүү мектеби** өз ара кызматташуу жана тыгыз байланышты өркүндөтүү максатында таалим-тарбия жана билим берүү тарамагында төмөндөгү чечимдерди кабыл алышты.

## 1-БЕРЕНЕ

Бул меморандумдун максаты Кыргызстандагы башталгыч жана орто билим берүү мекемелери менен жогорку окуу жайлардын ортосундагы байланышты чыңдоо, билим берүүнүн биринчи этабынан жогорку окуу жайга чейинки процессте өлкөнүн улуттук жана руханий баалуулуктарына ээ болгон дени сак, тартиптүү жана жоопкерчиликтүү жаштарды тарбиялоо жана билим менен техникадан эң жогорку деңгээлде пайда алуу менен биргеликте илим изилдөө иштерин жүргүзүүдө томөнкүдөй багыттар боюнча кызматташуу болуп саналат:

## 2-БЕРЕНЕ

Кыргыз-Түрк «Манас» университети «Манас» атындагы №10 жалпы орто билим берүү мектебине китеп, сөздүк, доска ж.б. куралдар жана жабдуулар менен камсыз кызуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн өлчөмүндө жардам берет.

## 3-БЕРЕНЕ

«Манас» атындагы №10 жалпы орто билим берүү мектеби Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин студенттерине практика өтүүгө көмөк көргөзөт.

## 4-БЕРЕНЕ

Бул меморандум кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет жана беш жыл бою иштейт. Меморандум эки Тараптын макулдугусуз өзгөртүлбөйт же кошумчаланбайт. Бардык өзгөртүүлөр жана кошумчалар жазуу түрүндө билдирилип, Тараптардын колдору менен бекитилиш керек.

## 5-БЕРЕНЕ

Бул меморандум кыргыз тилинде 2 (эки) нускада даярдалып, эки мекеменин жетекчилери тарабынан кол коюлган күндөн баштап өз күчүнө кирет Тараптар бири-бирине 6 (алты) ай мурун жазуу жүзүндө билдирүү менен бул келишимди жокко чыгара алышат.

Ушул келишим өз күчүн жоготкон учурда, тараптар жүргүзүлүп жаткан иш-чараларды бүтүрүүгө милдетүү болуп саналат.

## 6-БЕРЕНЕ

Ушул Протоколдун аткарылышына Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин жана жана «Манас» атындагы №10 жалпы орто билим берүү мектебинин жетекчилиги жооптуу.

**Кыргыз-Түрк «Манас» Университети**

Дареги: 720038, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Ч.Айтматов студенттик шаарчасы (Жал)

Ибраев А.О.
Биринчи проректор

Алпаслан Жейлан
Ректор

**Манас Атындагы №10 Жалпы Орто Билим Берүү Мектеби**

Дареги: 721900, Кыргыз Республикасы, Балыкчы шаары, Соң-Көл

Табалдиев Ш.К.
Директор